КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАК
КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ № 131/ XVIII -27

03-октябрь 2019 -жыл                                                                 Кенеш а.

**“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуу жана каржылоо тартиби жөнүндө Жобону” жана “Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин биргелешкен мониторингин жана баалоону жүргүзүү жөнүндө Жобону” бекитүү тууралуу**

Жергиликтүү демилгелерди каржылоо жолу менен жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн, алардын бирикмелерин, башка жеке жана юридикалык жактарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышууга шыктандыруу максатында, Кочкорбаев айылдык Кенеши,

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуу жана каржылоо тартиби жөнүндө Жобо **1-тиркемеге ылайык** бекитилсин.
2. Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин биргелешкен мониторингин жана баалоону жүргүзүү жөнүндө Жобо **2-тиркемеге ылайык** бекитилсин.
3. Ушул токтом каттоого алынып, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберилсин.
4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күндүн ичинде күчүнө кирет.
5. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын (айылдык өкмөтүнүн расмий веб-сайтына).
6. Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөлдү айыл өкмөт башчысы Э. Керимкулов жүргүзсүн.

Төрага                                                                 А. Албекенов